КЫРГ
83.8
К 60

Карло КОЛЛОДИ



# ПИНОККИО

УДК 821.512.154-93
ББК 83.84
К 60

**Коллоди, Карло.**
К 60 Пиноккио / *Котор. Н. Асанбаев* – Б.: Турар, 2023. – 24 б.

ISBN 978-9967-35-247-6

Жомок угуу менен бала өзүн курчап турган дүйнө …
карым-катнаш мыйзамдарын өздөштүрөт. Адептүүлүк, …
арамдык жөнүндө билет. Жомоктордо дайыма оң жана т…
жамандыктын күрөшү жүрөт жана жомоктордун со…
иллюстрациялар менен коштолгон, эң популярдуу жом…
сериясынан жомокчу Карло Коллодинин «Пиноккио» ж…

РБДЮ им. К. Баялинова
ИНВ № 38357 б/р

РБДЮ им. К. Баялинова
БАЛАЛЫК

38357 б/р


РБДЮ им. К. Баялинова
БАЛАЛЫК


ISBN 978-9967-35-247-6

© «Турар» басмасы, 2023

кырг
83.8
К60

Илгери өткөн заманда Жепетто аттуу карыган жыгач уста жашаптыр. Ал күндүз кечке жаны тынбай иштегенден кийин, түндө отуруп алып жыгачтан куурчактарды жасачу. Бир жолу ал түндө жыгачтан кичинекей бала жасайт. Анын буттарын жана мурдун узун, жүзүн тегерек кылат. Жепетто аны карап отуруп «ушул куурчагым сүйлөп жиберсе» деп кыялданат. Себеби ал балалуу болгусу келчү.





Ошол убакта ак пейил фея анын эмгекчилдигине, чынчылдыгына суктанат. Ал устага бүгүнкү тарткан түйшүгү үчүн сыйлык бергиси келет. Карыя уктап калганда, фея жыгач куурчакка жан киргизет. Эртең менен Жепетто туруп чоң кубанычка бөлөнөт. Ал жан кирген куурчагына Пиноккио деп ат коюп, өз баласындай карай баштайт. Анткени менен Пиноккио Жепетто каалагандай болбой, өтө тентек болуп чыгат. Уста жыгач баланы мектепке жиберет. Бирок, анысынан эч майнап чыкпайт.




Puppet Show
day's Programme
Pinocchio 's
Dance & stunts!

Пиноккио математиканы дагы, грамматиканы дагы, физиканы, тарыхты дагы окугусу келбейт. Ал бир дагы сабакка көңүл бурчу эмес. Акыры жаман балдарга кошулуп үйдөн качып кетет. Аны көчмө театрдын каардуу кожоюну кармап алып камап коёт. Ошондон тартып ал күн сайын куурчак театрга ойноого мажбур болот. Ушундан улам Пиноккио өзүн жакшы көрүп, жакшы мамиле кылган Жепеттодон качып кеткенине өкүнөт. Жепеттону эстеген сайын көзүнөн жаш чыкчу болот.








Бир күнү баягы жан киргизген фея Пиноккионун ыйлап отурганын көрөт. Ал жыгач балага бир канча суроо берет. Жыгач бала өзүнүн туура эмес кылганын билип турса да, калп айта баштайт. Бирок, ар бир калп айткан сайын мурду узара берет.

Мурдунун өсүп кеткенин көрүп Пиноккио туура эмес кылганын түшүнөт. Ал феядан кечирим сурайт. Фея бүгүнкү сабак балага жетиштүү болду го деп ойлойт. Ошондуктан анын мурдун кадимки мурундай кылып кыскартып, андан кийин качканга жардам берет. Ошол убакта Жепетто да жыгач баланы издей баштайт. Ал кичинекей кайыкка түшүп алып деңизге түшөт. Калагын тынбай шилеп отуруп суунун ортосуна жетет.





Театрдын кожоюнунан качып чыккан соң, Пиноккио да Жепеттону издеп жөнөйт. Ал көчөдөн көчөгө өтүп, шаарды кыдырат. Аягында деңиздин жээгине келет. Ошол жерден Жепеттонун кайык менен баратканын көрөт. Ал үнүнүн жетишинче кыйкырат. Так ошол маалда килейген кит пайда болуп, Жепеттону карай жөнөйт.



Пиноккио киттин Жепеттону жутуп алганын көрүп жүрөгү оозуна кептелет. Ал Жепеттону куткаруу үчүн дароо сууга секирет. Ал кит менен согуша албасын, өзүнүн өтө кичинекей экенин ойлоп да койбойт.





Кит Пиноккиону да жутуп алат. Жыгач бала анын кардынан Жепеттого жолугат. Бечара абышка кичинекей баласын көрүп аябай кубанат. Экөө отуруп алып кутулуунун амалын ойлошот. Карашса, киттин кардында жыгачтар бар экен. Аларды чогултуп келип от жагышат. Түтүн киттин курсагына толуп, ичин көптүрөт. Ушундан улам ал жөтөлүп, экөөнү сыртка чыгарып таштайт. Экөө сүзүп отуруп жээкке чыгышат. Пиноккио аябай алы кеткен абышканы кичинекей бир үйгө алып барат.



Пиноккио аябай карып, алы куруган атасы үчүн тытынып иштейт. Ал Жепетто өзүн иштеп бага албай калганын түшүнөт. Натыйжада Жепетто ичкидей бир чөйчөк сүт үчүн фермерге жалданып иштейт. Бара-бара ал камыштан себет токуганды үйрөнүп, аны сатып акча табат. Тапкан акчасы менен атасы экөө ачкалыктан кутулат. Пиноккио тынымсыз иштеп жатканын ойлоп да койбой, Жепеттого жардам бере алганы үчүн кубанат.





Фея Пиноккионун эмгекчил болуп калганын көрүп, сабакты туура кабыл алганына сүйүнөт. Ал жыгач баланы дагы бир жолу сынап көрөт да, анын чындап өзгөргөнүнө көзү жетет. Натыйжада сыйлык катары аны чыныгы балага айлантат. Жепеттону да бир аз жашартат. Абышкага кичине күч-кубат кирип, оорусунан айыгат. Пиноккио болсо акылдуу, жакшынакай бала болуп калат. Атасы кубанганынан баласын бекем бооруна кысат. Ошондон тартып ата-бала жыргап-куунап жашап калышат.



40с

✦

**Түстүү иллюстрациялар менен коштолгон,**
**эң популярдуу жомоктордун кыргыз тилине которулган сериясы:**

| | |
|---|---|
| Джонатан Свифт | Гулливердин саякаты |
| Феликс Зальтен | Бемби |
| Редьярд Киплинг | Маугли |
| Льюис Кэрролл | Алиса укмуштар дүйнөсүндө |
| Жанна-Мари Лепренс де Бомон | Айсулуу менен Желмогуз |
| Филип Пулман | Аладдин жана сыйкырдуу чырак |
| Шарль Перро | Өтүкчөн мышык |
| Ханс Кристиан Андерсен | Түрү суук өрдөк |
| Шарль Перро | Кызыл топучан кыз |
| Карло Коллоди | Пиноккио |
| Бир трууган Гриммдер | Рапунцел |

✦

РБДЮ
38357 б/ф

Карло КОЛЛОДИ

# Пиноккио

Которгон *Насыпбек Асанбаев*
Редактор *Ишенбек Султаналиев*
Компьютерде калыпка салган, көркөмдөгөн *Айжамал Борисова*

Форматы 60x84 1/8. Көлөмү 3 б. т.
Нускасы 2000. Буйрутма № 2456.

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720031, Бишкек шаары, М.Горький көчөсү, 1.

БДЮ им. К. Баялинова
ИНВ № 38357 б/ф

# ЖОМОКТОРДУН ПАЙДАСЫ АЛДА КАНЧА ЧОҢ:

- Алар фантазияны, кыял күчүн, кылдаттыкты жана кеңири ой жүгүртүүнү өнүктүрөт;
- Бала жомоктогу окуяларды ээрчип отуруп мурда көрбөгөн, билбеген жерлерин, фантастикалуу окуяларды, каармандардын келбетин, көрүнүшүн кыялында жандандырат. Бул жагынан жомокторго эч бир телеберүүлөр дагы, компьютердик оюндар дагы жетпейт;
- Балдар дайыма өздөрүн оң каармандын ордуна коёт. Образга кирип, жакшы иштерди жасоону, чынчыл, кайраттуу, тапкыч болууну каалайт. Досторун жамандыктан куткарууну, алсыздарды коргоону үйрөнөт;
- Жакшы менен жаманды ажырата баштайт. Окуялар кандай гана терс өнүкпөсүн, жомоктор дайыма жакшы аяктайт;
- Багынбоону, аракет кылууну, каалаган тилегине жетүүнү үйрөнөт;
- Ар түрдүү тоскоолдуктарды ашып өтүүнү, өжөр, тапкыч болууну, аргасыз жагдайларда да жигердүү аракеттенүүнү үйрөнөт;
- Жомок окуу, же угуу аркылуу сөз байлыгы көбөйөт, баарлашуу жөндөмү жакшырат.

Жомок угуу менен бала өзүн курчап турган дүйнөнү таанып, адамдардын арасындагы карым-катнаш мыйзамдарын өздөштүрөт. Адептүүлүк, достук, эр жүрөктүк, кыянаттык жана арамдык жөнүндө билет. Жомоктордо дайыма оң жана терс каармандар бар, жакшылык менен жамандыктын күрөшү жүрөт жана жомоктордун соңу дайыма жакшы аяктайт.










Turar

9 789967 352476